Бегалиев С., Шарапова Н.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## ТАЛАНТТУУ АЙТУУЧУ

Кыргыз эли бай тарыхы бар, дүйнөдө сейрек учураган «Манас» өңдүү улуу, кайталангыс зор көркөм эстеликти жараткан байыркы элдердин бири экендигин окумуштуулар бир сөздөн айтып келүүдө. Көп кылымдарды карыткан кыргыз эли нечен татаал, элдин-журттун тагдырын чечкен олуттуу окуяларды башынан өткөргөндүгү белгилүү. Ошол олуттуу тарыхый окуялар, эл турмушундагы мүнөздүү көрүнүштөр, элдин дүйнөгө болгон көз карашы, мамилеси, өлүм, өмүр, эркиндик, сүйүү жөнүндөгү түшүнүктөрү көркөм образдар аркылуу кайра элдин өзүнө тартууланат турбайбы. Ал көркём образдар чакан, бирок тереъ философиялык маанини камтыган макал-лакаптар, учкул сөздөрдөн тартып, «Манас» өңдүү монументалдуу баатырдык эпосторго айланып, элдин кубанычы менен кайгысын, элдик баатырлардын киндик каны тамган жерин, элинин эркиндигин коргоодо көрсөткөн баатырдык күрөшүн, элдин бейпил жай турмушун, табият менен болгон карым-катышын камтыган көркөм мурастар жаралат экен. Элдик оозеки чыгармаларды оозеки жаратып, оозеки элге таратып, оозеки өнүктүрүп-өстүрүп, көздүн карегиндей сактап келишкен элден чыккан шыктуу, таланттуу айтуучулардын эмгеги зор. Мына ушундай таланттуу айтуучунун бири Орузбай Урманбетов жөнүндө сөз козгоонун ыңгайы келип турат. О.Урманбетов жөнёкёй кыска, катардагы элдик эпикалык чыгармаларды аткарган айтуучу эмес. Ал өзүнчө «Гүлгаакы» аттуу оригиналдуу поэмадан тартып, «Сейитбек», «Жодарбешим», «Кыз Сайкал», «Жолой» өңдүү баатырдык эпосторду чыгармачылык менен өздөштүрүп, окуяларга бай, көркөмдүгү бийик, салттык белгилерин бекем сактаган варианттарды жараткан. Өз вариантын жараттты деген куру сөз эмес, минтип айтууга негиздүү, далилдүү фактылар арбын.

Орузбай Урманбетов 1927-жылы Ысык-Көл районунунун Кара-Дөбө айылында жарык дүйнөгө келген. Жогорку билимдүү, кесиби - мал доктур. 1980-жылы дүйнөдөн кайткан. Элдик оозеки адабиятка бала кезинен эле кызыгып, өзүнүн эскерүүсүндө 8 жашында эле «Семетей», «Сейтек» эпосторунун айрым үзүндүлөрүн үйрёнүп айтып жүргөн. Дилгир, сезимтал, шыктуу балага элдик оозеки адабияттын көптөгөн үлгүлөрүн мыкты билген атасынын жана Ындыбай деген адамдын таасири өзгөчө болгон. Ал эрте эл аралап бой тарткандан тартып, көптөгөн таланттуу айтуучулардын аткарганын угуп, көркөм чыгармага болгон кызыгуусу күчөп, чыгармачылыгы акырындап калыптана баштайт. Элдик оозеки адабияттын ар кандай жанрлары, түрлөрү менен таанышып, фольклордук озгөчөлүктөр-дү эрте өздөштүрөт. О.Урманбетовдун айтуусундагы элдик эпикалык чыгармалардын окуяларга байлыгы, көркөмдүгү бир кыйла жогору экендигин айрым окумуштуулар адилеттүү белгилеп жүрүшөт. Белгилүү окумуштуу фольклорист Г.Орозова мындай бир адилеттүү пикирин жазган жайы бар: «О.Урманбетовдо айтуучулукка караганда жаратуучуулук талант басымдуулук кылат».

О.Урманбетов 1960-жылдары чыгармачылыгы жемиштүү болуп, «Курманбек», «Сейитбек», «Жоодарбешим», «Кыз Сайкал», «Жолой», «Жаныш-Байыш» эпосторун, «Гүлгаакы» поэмасын, көптөгөн жомокторду өзү жазып, кагазга түшүрүп, Улуттук академиянын кол жазмалар фондусуна өткөрөт.

О.Урманбетовдун ар бир чыгармасы өзүнчө атайын иликтөөнүн объектиси боло турган, ошого татыктуу экендигинде талаш жок. Тилекке каршы, айрым бир чакан макалаларды эске албаганда, О.Урманбетовдун бай көркөм мурасына арналып жазылган көлөмдүү илимий эмгек азырынча жок. Биз өзүбүздүн макалабызда О.Урманбетовдун айтуучулук чыгарма-чылыгына жалпы мүнөздө токтолуп кетүүнү туура көрдүк.

О.Урманбетовдун «Гүлгаакы» поэмасы 1969-жылы өз алдынча китеп болуп басмадан жарык көрөт. Адилеттик үчүн баса белгилеп айтып коюуга тийишпиз. О.Урманбетовдун айтуучулук чеберчилигин, талантын өз убагында, көзүнүн тирүүсүндө объективдүү баалап, өз пикирин айткан окумуштуу болгон эмес. Айтуучунун чыгармалары менен кеъири таанышпай туруп, үстщртөн субъективдүү пикир айткандар болгон. Ошондуктан «Гүлгаакы» поэмасын ыксыз кыскартып басмадан чыгарган. Ырас, поэманын варианттары да бар. Бирок алар О.Урманбетовдун вариантындай окуяга бай эмес, кыска схема түрүндө болуп, көркөмдүгү да анча жогору эмес. «Гүлгаакы» башка элдик поэмалардай эле эл арасында айтылып жщргён, көп варианттуу чыгарма. Төмөнкүдөй аталышта «Гүлгаакы», «Шамашрап думана Гүлгаакы кызды алаганы», «Думана Машрап», «Гүлгаакы», «Шаамашрап- Гүлгаакы» деген беш варианты Улуттук академиянын кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Окумуштуу Г.Орозованын маалыма-тына караганда «Булардын ичинен дастандык деъгээлге көтөрүлүп жана толук айтылган вариант Орузбай Урманбетов айткан «Гүлгаакы» (инв № 521). Калгандары кыска гана айтылып, окуянын башатынан кабар берет. Анын айтуусундагы чыгармалардын көркөм-дүк деъгээли жогору, образдар системасы терен иштелген, толук кандуу варианттар десек болот». (472-бет) Бул поэманын сюжетине белгилүү акын Тоголок Молдо кайрылып, «Шамашрап думана Гүлгаакы кызды алганы» деп атаган 29 бет араб арибиндеги кол жазмасы бар. Ал эми дагы бир айтуучу Ыбырай Бейшенов «Гүлгаакы» деген аталышта дагы бир вариант түзгөн. Көлөмү кол жазмада 6 бет. Улуттук Илимдер академиясынын илимий кызматкери Касымбек Сейдакматов 1983-жылы элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн жыйнап жүрүп, «Думана Машраптын» дагы бир вариантын таап, жазып келип кол жазмалар фондусуна тапшырган. Бул чыгарманын сюжетине журналист Чотбай Намырзаев да кайрылып, 1996-жылы «Шамашрап баяны» аттуу поэма жазган.

Кыскасы, О.Урманбетовдун «Гүлгаакы» поэмасы - окуяларга бай, көркөмдүгү бийик, салттык сюжетти бекем сактаган оригиналдуу чыгарма. «О.Урманбетов өз алдынча чыгармачылык өнөрканасы бар феномен айтуучу, таланттуу жаратуучу десек ашык болбос» - деген Г.Орозованын өтө жогорку адилеттүү пикирине кошулбай коюуга мүмкүн эмес. О.Урманбетовдун «Гүлгаакы» поэмасы өзүнчө атайын илимий изилдөөнүн объектиси боло турган олуттуу проблеманы камтыган уникалдуу чыгарма.

О.Урманбетов поэма жанрынын мыкты үлгүсүн жараткан таланттуу айтуучу гана болбостон, баатырдык эпостун өзгөчө оригиналдуу варианттарын жараткан мыкты айтуучу катары да белгилүү. Академик В.В.Радлов адилеттүү белгилегендей : «Кыргыз эли - өзүнчө бир эпикалык доордо жашаган түрк тилдүү элдердин ичинен баатырдык эпостун «Манас» өндүү кайталангыс түрүн жараткан эл»,-деп жогору баалаган. «Манас» эпосунун композициялык түзүлүшү генеология-лык циклизация принцибинде курулса, кенже баатырдык эпостор да ошондой принципте түзүлгөнүнө күбө болобуз. Буга «Эр Төштүк» эпосунун уландысы «Жоодарбешим», «Курманбектин» «Сейитбеги», «Багыштын» «Толтою», «Кожожаштын» « Молдожашы» ж.б. ачык күбө.

«Жоодарбешим» эпосу эл арасында кенири тараган, жөө жомок жана баатырдык эпос түрщ белгилүү. «Жоодарбешим» эпосу да көп варианттуу, «Эр Төштүк» эпосундай эле мифтик сюжеттин негизинде жаралган: «О.Урманбетовдун варианты башкалардан бөлүнщп», дастан формасына жеткирген»,- деп жогору баалайт. Мындан башка «Жоодарбешим» эпосунун Суранчиева Калча, Майрыков Жолдоштун айтуусундагы варианттары бар. Бардык варианттарда негизги жалпыга белгилүү салтык сюжет сакталат. «Жоодарбешим» эпосу кытайлык кыргыздарга да тараганы белгилүү, Абдыкерим Асандын варианты бар.

«Курманбек» эпосунун уландысы болгон «Сейитбек» эпосунун бир негизги вариантын жараткан да Орузбай Урманбетов. О.Урманбетов 8 жашынан «Семетей» эпосу менен бирге

«Сейитбекти» да айтып жүргөн. Комуздун күүсү билимдүү Нурдин Адиевге таандык. Н.Адиев «Тинатин менен Автандил», «Семетей», «Манас менен Алманбет», «Эр Табылды», «Жоортул», «Курманбектин уулу Сейитбек» аттуу пьесалардын автору. О.Урманбетовдун «Сейитбек» - эпосу жалаъ ыр менен айтылган, 8 басмадан турган көлөмдүү , окуяларга бай, көркөмдүгү бир кыйла бийик, башка варианттардан өзгөчө бөлүнгөн оригиналдуу вариант. Н.Адиевдин варианты чакан 2 басма табактан турат. Сейитбектин ата-теги реалдуу тарыхый инсандар болушкан деп далилдешет окумуштуу, тарыхчылар. Элдин тарыхын, санжырасын мыкты билген белгилүү жазгыч акын Тоголок Молдо «16-кылымда кыпчак Эшимкандын тукумдары Тейитбек, Курманбек, Сейитбек, Шырдакбек, болуп бүткүл Анжиян, Арканы каратып, калмак менен беттешип турган»-деп жазат. Т.Молдо белгилегендей, Эшимкандын тукумдары өз доорунун белгилүү тарыхый инсандары гана болбостон, сырттан басып кирген калмак баскынчыларынан өз эли-жерин коргогон баатырлардан болушкан. Алардын баатырдык эрдиктери эл ичинде алгач аъыз сөз катарында айтылып, бара-бара элден чыккан таланттар баатырдык эposторго, поэмаларга айландырышкан. Орузбай Урманбетов – «Кыз Сайкал» эпосунда өзүнчө оригиналдуу вариантын жараткан таланттуу айтуучу. Белгилүү окумуштуулар К.Артыкбаев, С.Кайы-пов, Г.Орозова «Кыз Сайкалды» баатырдык эпос деп баалашат. Г.Орозова: «Кыргыздын нукура элдик эпикалык чыгармаларынын ичинен «Кыз Сайкалдын» окуясынын көп тармактуулугу, кенендиги, эпикалык мүнёздө берилиши, каармандардын эпикалык образдарынын сүрөтттөлүш көптүгү (102 каарман катышат), көркөмдүк өзгөчөлүгү жагынан кенже эпос деп айтууга толук негиз бар»-деп жазат. «Кыз Сайкал» эпосунун бир гана варианты бар. Ал Орузбай Урманбетовго таандык. Ал вариант Кыргыз Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталууда. «Кыз Сайкал» эпосун О.Урманбетов алгач 1947-жылы Ак-Суу районунунун Кайырма –Арык деген жериде жашаган Кайдуу аттуу адамдан укканын эскерет. Ал эми Кайдуу болсо көл кылаасындагы чон таланттуу манасчынын бири болгон. Тилекке каршы, андан эч нерсе жазылбай калгандыгы өкүнүчтүү, кечирилгис иш деп Акматаалы абам айтчу эле дейт. Акматаалы да сөз бакан, сөздү баалай билген чечен, элдик оозеки адабияттын көптөгөн үлгүлөрүн мыкты билген адам болгон. Демек, «Кыз Сайкал» О.Урманбетовго чейин эле эл оозунда айтылып жүргён чыгарма болгондугу ачык көрүнүп турат.

Орузбай Урманбетовдун көп сандаган көркөм мурасынын ар бири өзүнчө атайын илимий изилдөөгө татыктуу мыкты чыгармалардан. Биз жалпы мүнөздө таланттуу эпик айтуучунун чыгармачылыгына кыскача экскурс жасадык. Алдыда О.Урманбетовдун баатырдык эпостору, поэмалары, жомоктору, кеъири ар тараптан тереъ изилденет деген чоъ үмүттөбүз.

Адабияттар:

1. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 3-том. –Бишкек, 2002.
2. Кырбашев К. «Жоодарбешим». Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 3-том.- Бишкек, 2002.
3. Мукасов М. «Сейитбек». Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 3-том. –Бишкек, 2002.
4. Орозова Г. «Кыз Сайкал», «Гүлгаакы». Китепте: Кыргыз адабия-тынын тарыхы. 3-том. –Бишкек, 2002.
5. Жирмунский В.М.. Введение в изучение эпоса «Манас». Китепте: Тюркский героический эпос. –Ленинград, 1974.